| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА |
|---|---|

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын III сессиясы**

**Токтом**

**2025-жылдын 3-февралы №36** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнө караштуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кайрылууларын кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 28-беренесинин 6-пунктуна ылайык жана Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнүнө караштуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ата-энелер чогулушунун протоколунун негизинде Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнүн кирешелер, чыгашалар боюнча жетектөөчү адиси А.Бердиматованын маалыматын угуп жана талкуулап, жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 28-беренесинин 6-пунктуна ылайык жана Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнүнө караштуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ата-энелер чогулушунун протоколунун негизинде Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштуруу мамлекет тарабынан токтотулгандыгына байланыштуу, толугу менен ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылсын.
2. Болот Мамбетов айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун бала бакчага болгон ата-энелер төлөмү бир балага 1 күндүк тамак-ашка болгон төлөм 70 сом өчөмүндө толук төлөө (ооруп калган же жүйөлүү себептерден улам келбей калган учурда тиешелүү уюмдан справканын негизинде) белгиленсин.
3. Мектепке чейинки билим берүү уюмунун башчысына Болот Мамбетов айыл Өкмөтү жана ата-энелер менен үч тараптуу келишим түзүү милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл Өкмөт башчысы Р.Кылжыровго тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**